«Бекитемин»

Мектептин педагогикалык кеңешинин
Отурумунда кабыл алынган
№__2__протоколу «_13_»___09 2020ж.

№1 орто мектебинин директору
_______________Балбаков З.А.
Берилген күнү 2020-жылдын
«_5_» _09_ №_30_буйрук

## Кара-Балта шаары №1орто мектебиндеги Зирек окуучулар менен иштөө боюнча Жобо

### 1.Жалпы жобо

Бул жободо зирек балдар деп баланын мектепте окуганынан баштап туруктуу байкалган ишмердүүлүктүн бир же бир нече түрүнөн окуучунун кандайдыр бир жөндөмүнүнүн жогорку деңгээлде өнүгүшү түшүнүлөт

1.1.Бул Жобо К.Р.”Билим берүү жөнүндө” мыйзамына, мектептин Уставына ылайык түзүлгөн;

1.2. Зирек окуучулар менен иш алып баруу окуучунун ителлектуалдык, дене, көркөм, чыгармачыл жана комуникативдик жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган;

1.3. Зирек балдар менен иш алып баруунун максаты анын оптималдуу өнүгүшүнүн шартын түзүү болуп саналат;

1.4.Максатка жетүү үчүн төмөнкү максаттар коюлат:

-Ар кыл диогностикаларды пайдалануу менен зирек балдарды, алардын зиректигин типтерин аныктоо;

-Зирек окуучулардын жекече маршруттарын түзүү, жекече маршруттар боюнча иштер;

-Сабактарда балдардын жекече жөндөмдөрүнүн дифференциациялоону пайдалануу;

-Сабактагы жана сабактан тышкаркы ишмердүүлүктө өз алдынча ой жүгүртүүнүн демилгелүүлүгүнүн жана илимий-изилдөөчүлүктүн жөндөмдүн өнүгүшүн шарттоочу окуутунун каражаттарын тандоо;

-Сабактан тышкаркы ар кыл ишмердүүлүктү уюштуруу;

-Үй- бүлөлөрдү психологиялдык-педагогикалык коштоо боюнча иштерди уюштуруу;

-Жетишилген ийгиликтери үчүн окуучулардын жана педагогдорду сыйлоо;

1.5.Зирек окуучулар менен иш алып баруу жекече маршруттарга жана агымдагы окуу жылынын иш-мерчемине ылайык жүргүзүлөт:

1.6.Иш жекече,ошондой эле топтордо уюштурулушу мүмкүн.

1.7.Зирек балдар менен иштөө агымдагы жылдын сентябрынан башталып, билим берүү уюмунун окутуу-тарбиялоо процессинин аякташы менен бүтөт.

1.8.Окуу иштери боюнча директордун орун басары тарабынан зирек балдар менен жекече сабактардын жалпы жүгүртмөсү түзүлүп, ишке жалпы жетекчилик жүргүзүүлөт;

1.9. Предмет мугалимдер, класс жетекчилер, ийримдердин жана сенциялардын жетекчилери зирек окуучуларды коштоону жүзөгө ашырышат;

1.10. Жөндөмдөрү ачык байкалган балдар менен иш алыр баруу ийрим,предметтик олимпиада ,предметтик апта, мелдеш,сынак,көргөзмө, спартакида,майрамдарга катышуу, балдар чыгармачылыгынын буюмдарын (продукцияларын) өз алдынча түзүү формаларында жүргүзүлөт.

1.11. Жөндөмдөрү ачык байкалган балдар менен сабак учурунда иш алып барууда дифференциалдык жана жекече-инсандык технологиялар,изилдөөчүлүк жана долбоордук усулдар оптималдуу деп саналат.

**2. Зирек балдар менен иштөөнүн принциптери**

2.1. Жекече окутуу (окучууларды окутуунун жекече иш-мерчеми - жогорку деңгээл)
2.2. Алгалоочу окутуунун принциптери.
2.3 Кайсы гана ишмердүүлүк болбосун, комфорттуулуктун принциптери
2.4. Ар кылдуулук принциби зирек окуучулардын жөндөмдөрдүн турмушка ашыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү сунуштайт.
2.5. Сабактан тышкаркы ишмердүүлүктүн маанисинин артуу принциби
2.6. Өнүктүрүүчүлүк окуутунун принциби.
2.7. Интелектуалдуулукту өнүктүрүү үчүн сунушталган мүмкүнчүлүктөрдүн максималдуу ар кылдуулук принциби.
2.8. Сабактан тышкаркы ишмердүүлүтүн маанисинин жогорулаш принциби
2.9. Окутуунун жекелештирүү жана дифференциялоо прициби.
2.10. Мугалимдин минималдуу катышуусунда окуучулар менен биргелешип иштөө үчүн шарттарды түзүү принциби
2.11. Кошумча билим берүүнү, кызматты, жардамды, насаатчылыкты эркин тандоо принциби.

**3. Зирек окуучулар менен иштерди жүзө\өгө ашыруунун катышуучулар**

Зирек окуучулар менен иштерди жүзөгө ашырууга катышуучуларга төмөнкүлөр кирет:
3.1. Мектептин администрациясы (директор, орун басарлар);
3.2.1 жылдык мөөнөткө түзүлгөн иш тажрыйбага ээ мугалимдердин курамынан түзүлгөн топ;
3.3. Мектептин усулдук бирикмелеринин башчылары;
3.4. Предметтик мугалимдер;
3.5. Класс жетекчилер;
3.6. Ийримдердин жана секциялардын жетекчилери;
3.7 Зирек окуучулардын ата-энелери;
3.8. Педагог-психолог.
3.9. Зирек окуучулар

**4. Зирек окуучулар менен мониторинг жүргүзүүнүн формалары**

| Формалары | Мезгилдүүлүгү |
|---|---|
| Предметтик олимпиадалар | жылына бир жолу |
| Окуучулардын жетишкендиктеринин жалпы мектептик иш чаралары | жылына бир жолу |
| Предметтик апталар | жылдык иш-мерчем боюнча |
| Зирек балдар менен иштердин тажрыйбаларынан мугалимдердин чыгармачыл отчёттору | усулдук күн |
| Ички мектептик көзөмөл | жылдык иш-мерчем боюнча |
| Ийримдердин жана спорттук секциялардын чыгармачыл отчёттору | жылына бир жолу |
| Тематикалык сынактар көргөзмөлөр | жылдык иш –мерчем боюнча |
| Окуучулардын окуу – изилдөө иштеринин конфереңиялары | жылына эки жолу |

| | |
|---|---|
| Интеллектуалдык предметтик жана чыгармачыл сынактар | жылдык иш – мерчем боюнча |

-7-

## 5. Зирек окуучулар менен иш жүргүзүүнүн уюштуруусу жана кызматтык камсыз болуусу

5.1.Директордун функциялары:

5.1.1. Зирек окуучулар менен иш жүргүзүү жана билим берүү процессинин катышуучулары тарабынана аткарылышына көзөмөлдүк иштери боюнча мектептин жылдык иш-мерчеминде өзүнчө бөлүмчөнү мерчемдөө;

5.1.2.Зирек окуучуларды сыйлоо фондун түзүү.

5.1.3.Зирек окуучулар менен иш жүргүзүшкөн ошондой эле окуучулары ар кыл сынактарда жогорку натыйжаларды жаратышкан педогогдорду материалды жактан сыйлоо

5.2.ОТИ жана ТИ боюнча директордун орун басарынын функциялары:

5.2.1-жобону турмушка ашырууга байланышкан окуу процессин жөндөө жана коррекциялоо

5.2.2 Зирек окуучулар менен иш алып баруу дагы көгөйлөр боюнча семинарларды уюштуруу жана өткөрүү

5.2.3 Зирек окуучулар менен иштеген мугалимдердин аракеттерин кординациялоо

-8-

2.4.Зирек оркуучулар үчун жекече билим берүү программасын иштеп чыгууга жардам көрсөтүү

5.2.5 Зирек балдар боюнча маалыматтар банкын чогултуу

5.3.Жумушчу топтун функциялары:

5.3.1.Зирек балдарды ачыктоо үчун диогностикалык материалдарды ылгоо:

5.3.2.Аталган көйгөй боюнча мезгилдүу басылмалардын жана педогогикалык адабияттардын материалдарын жыйноо жана системалаштыруу

5.3.Зирек окуучулар менен иш жүргүзүү боюнча усулдук сунуштарды даярдоо.

5.3.4.Иштин натыйжалуулугунун критерийлерин аныктоо

5.4.УБ жетекчилеринин функциялары:

5.4.1.Мектептик предметтик апталыктарды жана олимпиадаларды мерчемдөө жана өткөрү

5.4.2.Предметтер боюнча татаалдыктын деңгээлин арттырууга материалдарды суроолорду тапшырмаларды иштеп чыгуу

-9-

5.4.3 Усулдук иштердин стенддеринде зирек балдар менен иштөө боюнча материалдарды жүргүзүү

5.4.4. Мугалимдерин чыгармачыл отчётторун даярдоого, зирек балдар менен иштөөгө жетекчилик

5.5. Предмет мугалимдердин функциялары:

5.5.1. Өз предметтери боюнча зирек балдарды ачыктоо

5.5.2. Зирек балдар менен иштөө үчүн программаларда жана тематикалык иш-мерчемдерди корекциялоону, чыгармачыл, илимий-изилдөөчүлүк деңгээлдеги жогорку татаалдыктагы тапшырмаларды камтыйт.

5.5.3. Зирек балдар жекече иштерди уюштуруу

5.5.4. Мектептин жана райондук деңгээлдеги олимпиядаларга, сынактарга, оюн-зоокторго, конференцияларга окуучуларды даярдоо

5.5.5. Жалпы мектептик ар жылкы конференцияларга зирек балдардын жыл аралыгында жетишилген ийгиликтерин ылгоо жана толтуруу.



5.5.6. Педкеңешмеге сунуштоо үчүн чыгармачыл отчёт түрүндө зирек балдар менен иш тажрыйбаларын толтуруу

5.5.7. Окуу кааналарында татаалдык деңгээлин материалдык арттырунун картотекаларын түзүү

5.5.8. Предмет боюнча балдардын жөндөмдөрүн өнүктүрүү маселери боюнча зирек балдардын ата-энелерине кеңеш берүү

5.6. Класс жетекчилердин функциялары

5.6.1. Балдардын жалпы зиректүүлүгүн ачыктоо

5.6.2. Өзүнүн диагностикалык жана байкоолорун предмет мугалимдердин, ийрим жетекчилеринин, ата-энелердин пайдалануу менен, балдардын зиректүүлүктөрдүн түрлөрү боюнча класс жетекчилердин күндөлүктөрүнө жалпы таблицаны толтуруу

5.6.3. Класстагы зирек балдардын өз жөндөмдөрүн жүзөгө ашырууларын эске алуу менен,класстагы тарбиялык иштерди мерчемдөө



5.7. Ийримдердин жана секциялардын жетекчилеринин функциялары:

5.7.1. Зирек балдарды ачыктоо

5.7.2.Окуучулардын чыгармачыл отчётторун көргөзмөлөрүн уюштуруу

5.3. Класс жетекчилерге зарыл маалыматтарды сунуштоо

5.7.4. Ата энелерге кеңеш берүү.